| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**VIII-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №19/3**

Жаны-Арык айылы — 2023-жылдын 6-апрели

**Аз камсыз болгон, жер үлүшүн албаган жарандарга кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринен түз келишим түзүү менен берүү жөнүндө**

КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айыл аймагынын айылдык Кенеши, **токтом кылат:**

1. Жаңы-Арык айыл аймагы боюнча аз камсыз болгон, жер үлүшүн албаган жарандарга айыл-чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринен баштапкы баа менен түз келишим түзүү менен берүү үчүн "Уй сарай" участкасынан 3 га жана "Ой-талаа" участкасынан 1 га, жалпы 4 га жер аянты калтырылсын;

2. Аз камсыз болгон, жер үлүшүн албаган жарандар кайрылса, комиссиянын чечиминин негизинде карап ылайыктуу болсо баштапкы баа менен түз келишим түзүү жолу менен берилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаңы-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** — **М.Акматалиева**